**Кыргыз тили дисциплинасы боюнча Дублиндик дескрипторлорго ылайык түзүлүүчү компетенциялар**

**Билүү жана түшүнүү**

Көлөмү чакан жана илимий тексттердин  негизги мазмунун жана деталдарын түшүнөт, теманы аныктайт, андагы негизги ойду жана структуралык бөлүктөрдү бөлүп көрсөтөт;

**Билимди жана түшүнүү жөндөмүн практикада колдонуу**

Тил ченемдерине ылайык сөз айкаштарын жана жөнөкөй сүйлөмдөрдү түшүнөт жана колдонот;

Күнүмдүк колдонуучу фразаларды маалымат алмашууда колдонуу  менен тапшырмаларды аткаруу үчүн зарыл болгон тааныш сөз айкаштарын жана сөздөрдү пайдаланат; сүйлөө этикетинин нормаларын сактоо менен жөнөкөй сүйлөшүүгө катышат,логикалык акценттерди, сүйлөмдөгү тыныгууларды туура жайгаштырат;

**Чечим чыгаруу, идеяларды баалоо жана тыянак чыгаруу жөндөмдүүлүгү**

Чакан көркөм тексттерди жана илимий тексттердин  негизги мазмунун  талдайт, теманы аныктайт, негизги ойду жана структуралык бөлүктөрүн баса белгилейт;

**Коммуникативдик жөндөмдөр**

Маалымат сурай алат, окуганынын, уккандарынын мазмуну боюнча суроолорго жооп бере алат;

Ар кандай тилдик кырдаалдарда колдоно алат; ;

Оозеки тилде коммуникативдик функция, түзүлүш, интонация, жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү жөнүндө маалыматтарды колдонот;

**Окуу көндүмдөрү**

Күнүмдүк кесиптик ишмердүүлүк үчүн зарыл болгон баарлашуунун ар кандай чөйрөлөрүндө ( оорулууларды багуу, медайымдын жардамчысы, фельдшердин жардамчысы, стационардык врачтын жардамчысы, ҮМБнын дарыгеринин жардамчысы) практика аркылуу жаңы билимдерди күнүмдүк алуу көндүмдөрүнө ээ.болот.